САПАТТУУ БИЛИМ

«САПАТТУУ БИЛИМ» БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ И ПРОГРАММ «САПАТТУУ БИЛИМ»

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL ORGANIZATIONS AND PROGRAMS «SAPATTUU BILIM»

**Баткен облусунун Кадамжай районундагы №72 Кесиптик лицей**

**Орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча аккредитациядан өткөрүү боюнча**

**эксперттин отчету**

## Окуу жайдын тарыхы.

Биздин № 72-Кесиптик Лицей 1974-жылы Кыргыз ССР нын Министрлер Советинин 1974-жылдын 10 апрелиндеги № 188-токтому жана Кыргыз ССР нын Мамлекеттик профессионалдык билим беруу комитетинин 1974-жылдын 28-июнундагы № 158 токтому менен Совет поселогунда № 26 шаардык кесипчилик –техникалык окуу жайы болуп 1974-жылы ачылган.

Училища 1974-1975-окуу жылында биринчи окуу жылы болуп эшигин ачкан. Окуу жайдын карамагына: окуу корпусу, ашкана, ондуруштук устаканалар жана Ош облусунун райондорунан келип окугандар учун 250 орундук жатакана болунуп берилген.

Биринчи окуу жылында : «Жыгач уста» «Жыгач иштетуунун станочниги» мебель боюнча «Столяр» профессиялары боюнча тайпалар ачылып , аларга 175 окуучу кабыл алынган.Окуу жайын биринчи ачып, ушул жерде иштегендер: директор-Атажанов Махмуд Атажанович.

1977-1978-окуу жылынан баштап, Суеров А директор. Сулукту шаарында филиал ачылган.Окутуучулардын саны 270 ке жеткен.

1979-жылдан 2000 –жылга чейин Маматкулов К М директор болуп иштеген.

1980-1981-окуу жылында училища орто билим беруучу окуу жайына откорулгон.Ушул жылы «Витражист» тайпасы ачылып, суротчулор даярдала баштаган. Ушул жылы «Тигуучу-мотористка» тайпасы ачылып, азыркы кунго чейин кыздар окуп келе жатышат.

2000-жылдардан кийин Токтоматов К, Мусаев, Досатов Д М окуу жайды жетектеген. Д. Досатов жетектеген мезгилде окуу жайга коптогон жанылыктар киритилген. Окуу жайдын жатаканасы капиталдык ремонттон откон. Жатаканага заманбап эмеректер алып келинген. Жаныдан мончо курулган, жер титироонун натыйжасында жараксыз абалга келгендиги учун ондуруштук устакана башка жерге кочурулуп, ондолгон.Окуучулардын кесип уйронуусу учун керектуу эмеректер менен жабдылган. Жетекчилик мезгилинде Досатов Дастан Мамасыдыкович коптогон уюмдар менен тыгыз иш алып барып, окуу жайдын онугушуно ото чон салым кошкон.

2017-жылдан баштап окуу жайды Асанов Базарбай Айдаркулович жетектеп келет. Асанов Базарбай Айдаркулович окуу жайды онугушу учун ар турдуу иш- чараларды откоруп келуудоо . Бугунку кундо «2020-жыл Региондорду онуктуруу , олкону санариптештируужана балдарды коргоо» жылына карата окуу жайда кабилдуу интернет иштеп турат.Окуу каналарында интерактивдуу доскалар бар.

Баткен облусу Кадамжай районуна караштуу Совет айылындагы № 72-Кесиптик Лицейинин аккредитациялануучу программалары :

- ✓ **Жалпы билим берүүчү программалары:**

  - «Тигүү жабдууларынын оператору» кесиби боюнча 3 (үч) жылдык мөөнөт менен окугандар үчүн жалпы билим берүүчү программалары
  - «Электр жана газ менен ширетүүчү С категориясындагы автоунаа айдоочусу» кесиби боюнча 3 (үч) жылдык мөөнөт менен окугандар үчүн жалпы билим берүүчү программалары боюнча.

№ 72-Кесиптик Лицейи **Башталгыч билим берүүчү программаларын** ишке ашыруучу мамлекеттик билим берүү мекеме болуп саналат.

**Билим берүү уюмунун күбөлүгү:**Башталгыч билим берүүчү мекемени алгачкы мамлекеттик каттоо 07.02.2014–жылы жүргүзүлүп, 28.10.2017 - жылы Баткен облустук Юстиция башкармалыгы тарабынан кайра каттоо жүргүзүлүп, ГПЮ сериясы № 0014847 номерлүү күбөлүктүн негизинде уставда көрсөтүлгөн иштерди аткарууга укук берилген.

Тышкы баалоо боюнча буйрук: № 56/05-22 10.05.2022-ж.

Лицейди тышкы баалоодон өткөрүү 12.05.22-ж.

Баткен облусу, Кадамжай районуна караштуу, Совет айылындагы № 72 Кесиптик лицейи.

Орто жалпы  билим берүү программасы боюнча эксперттин отчету.

| № | Колдонулуучу критерийлер | Аткаруу | Уюштуруунун позициялары | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Толугу менен аткарылган | Толук эмес (жарым-жартылай) аткарылган | Аткарылган эмес |
| **1. БАШКАРУУНУН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ.** | | | | | |
| 1.1 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-июлундагы № 2014 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык билим берүү уюмунун ишин жонго салуучу билим берүү уйумунун бекитилген ички актыларынын болушу.403(мындан ары-Мамлекеттик стандарт) жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына, минималдуу талаптарга,Мамлекеттик билим берүү стандартынын | Окуу пландары жана программа ББ стандартынын жана базистик окуу планынын талаптарына ылайык келет.Типтүү окуу планы Республикалык илимий-методикалык борбору менен макулдашылган, Мамлекеттик стандартынын негизинде үч жылдык мөөнөт менен окутулат. Кызыктар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык далилдер келтирилген, Усулдук кеңешменин жана Педагогикалык кеңешменин жоболору иштелип чыккан. Кайтарым пикирлерди ата- энелерден жана окуучулардан алуу үчүн , жыл сайын анкета сурамжылоо өткөрүлүп турат. | Аткарылган | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | талаптарына ылайык кулуусуно, кызыктар тараптардын ББЖнын ички актылырында аныкталган муктаждыктары. | | | | |
| 1.2 | Кызыктар тараптардын керектөөлөрүн эске алуу менен билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясатына ылайык билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын, стратегиялык жана учурдагы пландарынын,иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүүнүн максаттарынын жана күтүлүүчү окуу натыйжаларынын болушу. | Окуу жайдын Стратегиялык өнүгүү планы 2019-2025 жылга чейин түзүлүп , бекитилген.Камкорчулар жана кызыктар тарабынын сунуш пикирлер эске алынып,жыл сайын  жыйынтык отчетунда маалымат менен камсыздоонун,кызыктар тараптардын күтүүлүрүн,керектөөлөрүн жана канааттануусу чагылдырылат. Окуу жайдын миссиясы ата-энелер чогулушунда бекитилген,максаттарына дал келет жана кызыктар тараптан анкета алынып чогуу ой жүгүртүү ,талаптарга дал келүүсү аныкталат. | Аткарылган | | |
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра карап чыгууга педагогикалык жамааттын, билим берүү уюмунун окуучулар жана кызыктар тараптардын катышуусунун механизминин болушу(кызыктар тараптардын пикири); | Окуу жай билим берүү   сапатын камсыз кылуу үчүн атайын жоболорду иштеп чыккан: Студенттик кеңеш , ата-энелер чогулушун өткөрүү жобосу жана  сапат менеджментинин системасы жоболору. Мисалы : кызыктар тараптан сурамжылоо жүргүзгөндөн кийин, билим сапатын көтөрүү үчүн ,  сабак учурунда иновациялык методдорду колдонуу үчүн , | Аткарылган | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | администрация тарабынан ар бир окуу класстарга телевизорлор менен , интерактив доскалары сатып алынган. Ошондой эле атайын долбоор жазылып өнүктүрүү фондуна жиберилген. Жалпысынан алганда окуу сапаты 5 жыл ичинде 2% жогору көрсөткүч берген. | | | |
| 1.4 | Билим берүү уюмунун кызматкерлеринин, окуучуларынын, социалдык өнөктөштөрдүн жүрүм-турумунун бекитилген этикалык стандарттарынын болушу. | Педагогикалык жамааттын жана окуучулардын окуу жайда жүрүм-туруму жөнүндө атайын комиссия жобо иштеп чыккан жана мүдүр менен бекитилген . Жыл аягында алдынкы мугалимдер белгиленип, окуу жайдын ички сыйлоо баракчалары менен сыйланат, бирок стим.фонд каралган эмес, мугалимдерге мативация аз. | | Жарым – жартылай аткарылган | |
| | **Стандарттык баалоо :** | | | | |
| | **күчтүү жактары -** | Кызыктар тарап менен тыгыз иш жүргүзүү. Билим берүү сапатын көтөрүү үчүн бир нече жобо иштелип чыккан. | | | |
| | **Алсыз жактары -** | Администрация тарабынан стим.фонд жобосун иштеп чыгуу, ББ жана илим министрлигине, Айыл өкмөттөрдөн жана Мэрияга ийгиликке жетишкен, көрсөткүч берген мугалимдерди сыйлоогоо сунуш киргизүү. | | | |
| | **жакшыртуу боюнча сунуштар –** | Стратегиялык планга ар жылы ар тараптуу кенен анализ жүрүп, моноторинг жүргүзүү сунушталат. | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Стандарт боюнча жыйынтыктоо** | | Аткарылган | | | |
| **2. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ- МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ.** | | | | | |
| 2.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын,базистик окуу планынын талаптарына жана кызыктар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү. | Окуу жайда Типтүү окуу пландарынын негизинде сабактар өтүлөт. Алар ББ жана илим министрлиги жана Республикалык илимий- методикалык борбору тарабынан бекитилген, ошондой эле жалпы орто билим берүү программалары билим берүү стандарттарына дал келет. Окуу жылдын башында кызыктар тараптар менен макулдашып, алардын керектөөлөрүнө ылайык талаптар дал келүүсүнө кызыктар болуп, Метод кеңештин отурумунда талкуу жүргүзүп бекитилет. | Аткарылган | | |
| 2.2 | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыктар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү. | Окуу- методикалык камсыздоо боюнча окуу жайда жатаканада китепкана жайгашкан, окуучулар алыскы райондон келип окугандыктан, аларга ыңгайлуу. Китепкананын фонду жалпы билим берүү боюнча 1279 китеп бар, артыкчылыгы кээ бир китептер окуучуларга экиден келет. Эл.китепканы жаңы уюштурулуп, планда бар. Китепканачы жыл сайын китеп фонду боюнча диаграмма жүргүзүп турат. | Аткарылган | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2.3 | Жетиштуу маалыматтык ресерстардын (окуучулардын контингентине,анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу-методикалык адабияттардын фонду) болушу. | Лицейдеги китепкананын аянты -28 кв.м. Китеп фондусу жалпысынан 7343 дана түзөт.Жыл сайын РИМБ тарабынан китеп толукталып берилип турат.Окутуу мамлекеттик тилде болгондуктан, маалыматтык ресурстар дал келет. | Аткарылган | | |
| 2.4 | Билим берүү программасынын жана окуу–методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыктар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдуу баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болуусу. | Окуу жайда кызыктар тараптардын күтүүлөрүн, канааттанусун баалоо максатында ата- энелер чогулушунда, иш берүүчүлөр жана окуучулардан сурамжылоо жүргүзүп турушат, сурамжылоонун анализи метод кеңеште талкууланып типтүү пландарга 10% өзгөрүүлөрдү киргизилген жана стратегиялык планга ишке ашыруу максатында талап коюлган. Окуу жайдын жетекчилиги мугалимдер арасында да сурамжылоо жүргүзүп маниторинг жыйынтыгында" канааттандырарлык" деп баалаган. Лицейдин сайты азыркы учурда иштеп турат, аны көзөмөлдөп толуктоо үчүн бир мугалим бекитилген жана ошол жакта сурамжылоонун натыйжасын кызыктар тарапка белгилүү болуш үчүн толукталып турат. Бирок сайтка дагы маалымат киргизиш үчүн критерийлер иштелип чыгып толукталыш керек. | | Жарым-жартылай аткарылган. | |
| **Стандарттык баалоо** | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **күчтүү жактары -** | Иш берүүчүлөрдүн жана ата- энелердин лицейдин жашоо кызыкчылыгында активдүү болушу жана көмөк көрсөтүүсү. | | | |
| | **Алсыз жактары -** | Лицейдин сайтына толуктоо киргизүү. | | | |
| | **жакшыртуу боюнча сунуштар –** | 1. Электрондук китепкана Телеграмм канал катары уюштуруу. Мугалимдер ссылка жиберип, окуучуларга жеткирүү.<br>2. Сайтты толуктоо, жакшыртуу. | | | |
| **Стандарт боюнча жыйынтыктоо** | | Аткарылган | | | |
| **3. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО.** | | | | | |
| 3.1 | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу. | Окуу жылдын башында окуу жайда, администрация тарабынан кызыктар тараптардын кеңештерин эске алуу менен бирге окутуунун жылдык пландарын түзүп, Пед кеңеште бекитилет. Коюлган максаттар Мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келет. Иш пландардын: окуу жайдын жылдык иш планы, бөлүм башчысынын иш планы, окуу- өндүрүштүк методикалык иш планы,окуу-тарбия боюнча иш планы негизги максаттары мугалим менен окуучулардын компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган. Жыл аягында аткарылган иш пландардын үстүдөн отчеттор берилип, анализденип, педагогикалык жаамаат менен баа берилип маниторинг жүргүзүлөт. | Аткарылган. | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3.2 | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу. | Лицейде мугалимдер” Компьютердик сабаттуулук жана дистанттык окуу” жана башка онлайн 72 сааттык курстарга катышып келет, алардын 60% ноутбук менен камсыздалган. Бөлүм башчысы бекитилген ачык сабактарды өтүү планына басым кылып иштейт жана сабактарда иновациялык методдорду колдонуусуна көмөк корсөтөт. Жаңы өтүлгөн теманы окуучулар менен бекитүү үчүн сабакта мугалимдер Kahoot, Class room тестирлөө программасын колдонушат. Мисалы, сырткы баалоодо орус тил жана адабият сабагынан берген мугалим Н. Йулдашева иновациялык платформалыры колдонуу менен сабактын максатына жетти. | Аткарылган | | |
| 3.3 | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу. | Жалпы билим берүү боюнча метод кеңешмеде окутуунун баалоо боюнча атайын жобо иштелип чыгып Пед коллектив менен бекитилген. Жобо лицейдин сайтында жүктөлгөн жана ошонун негизинде баалоо жүргүзүлөт. Билим сапатын баалоо 1-2 жарым жылдыгында чыгарылат, маниторинг жасалып диаграммасы кызыктар тарапка маалымат жеткирүү үчүн сайтка жуктолот. Ата- энелерден кайтарым байланыш алуу үчүн анкета сурамжылоо жүргүзүлүп турат. Бирок лицейде окутуу мамлекеттик тилде болгондуктан, ата -энелердин сунушун эске алганда, балдар ар улуттун өкүлдөрү болгондуктан, биринчи курста | | Жарым-жартылай аткарылган. | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | программаны өздөштүргөнгө чейин тил жаатында кыйналышат. | | | |
| 3.4 | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу. | Окуучуларды баалоонун обьективдүү жана ачык-айкын болушу үчүн мугалимдер жат-жазуу, текшеруу иш, эссе, диктант аркылуу баалайт. Баалоо критерийлер жобосу бар, бирок көз карандысыз баалоо аз, жаны инновациялык ыкмалар менен тест иштеп чыгып метод. кеңешмеде каралышын сунушталат. | | Жарым-жартылай аткарылган. | |
| 3.5 | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери,жол-жоболору жана жыйынтыктары,ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу. | Лицейде жыл башында апеляциялык комиссия түзүгөн.Окуучуларды баалоонун жыйынтыгы боюнча маалымат окуу жайдын сайтында жайгаштырылат,ошондой эле лицейдин биринчи жана экинчи кабатында маалымат такталары илинген.Кызыктар тараптар үчүн маалымат жеткиликтүү билуш үчүн бардык шарттар түзүгөн.Ар бир тайпада Whatsapp группалары түзүлгөн. | Аткарылган | | |
| 3.6 | Коопсуз,өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо,билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу. | Окуу жайда коопсуздукту алдын алуу боюнча,окуучуларды көзөмөлдөө максатында 4 видеокамера орнотулган.Мыйзам бузуулардын алдын алуу максатында окуу-тарбия боюнча орун басары тарабынан иш планы иштелип | Аткарылган | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | чыгып Райондук ички иштер бөлүму менен макулдаштырылат.Жатаканада жашаган өспүрүмдөр үчүн тарбиячы тарабынан жылдык иш пландар иштелип бекитилет.Окуучулардын бош убагында алектенүү үчүн кошумча кружоктор каралган (мисалы:волейбол, футбол жана шахмат) | | | |
| 3.7 | Ички жана тышкы баалоонун, системалуу маниторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы. | Окуу жайында ар бир жарым жылдыкта ички баалоо жүргүзүлүп, жалпы билим праграммалары боюнча окуучулардын билим денгээли бааланып , мониторинг жасалып пед кеңеште каралат жана анализденип диаграмма тузулот.Жыл сайын ЖРТ тапшырылып 20% окуучулар жогорку окуу жайларга өтөт. Бирок жыл ичи тышкы баалоо максатында райондук олимпиадаларга катышуу жок жана УТБ программасы боюнча баалоо жок. | | Жарым-жартылай аткарылат. | |
| **Стандарттык баалоо** | | | | | |
| | **күчтүү жактары -** | Билим берүү сапатын жакшыртуу үчүн бир нече жоболор иштелип чыккан жана Пед. коллектив менен макулдашып , бекитилген. Жоболорго ылайык окуу жайда иш жүргүзүлөт | | | |
| | **Алсыз жактары -** | Лицейде окуу процесси бир эле мамлекеттик тилде окутулат.<br>Тышкы баалоо ресурстарын пайдаланбайт. | | | |
| | **жакшыртуу боюнча сунуштар –** | Иновациялык платформалардын үстүнөн иш жүргүзүү (Google class room) | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Стандарт боюнча жыйынтыктоо** | | Аткарылган. | | | |
| **4. КАДЫРДЫК САЯСАТТЫН ЭФЕКТИВДУУЛУГУ.** | | | | | |
| 4.1 | Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билимин билим берүү программасына шайкеш келүүсү. | Окуу жай педагогикалык кадр менен 80% камсыз болгон. Жалпы билим берүү боюнча 15 мугалим бар, кобунчо жаш кадрлар түзөт, ар бир мугалим өз адистиги боюнча сабак берет. Жыл ичинде окуу жайдын методисти жана кадр бөлүмүнүн башчысы мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча мониторинг жүргүзүп , түзүлгөн графиктин негизинде жиберилип турат. | Аткарылган | | |
| 4.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөну,ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын аз ара мамилелерин баалоону,анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол жоболордун болушу. | Лицейде Коопсуздук Профилактика кеңешмеши бар ал : жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспектору, мугалимдер,таарбиячы жана активист окуучулардан турат. Бир жылдык планы бекитилген жана ар бир жуманын 5 куну отурум өткөрүшөт. Жатакканада балдар менен кыздар бөлөк блоктордо жашайт жана өзунчо программа менен тарбиялык сааттар өтүлөт. | Аткарылган | | |
| 4.3 | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү ,алардын квалификациясын жогорулатуу жана мативациалоо системасынын болушу. | Окуу жай педагогикалык кадрлар менен 80% камсыз болгон. Алардын ичинен 73.3% жогорку билимдуу.Квалификациясын жогорулатуу курсунун өнүгүү планы бекитилип, администрация контролго алып жиберип турушат. Жаш мугалимдерге насаатчылар | Аткарылган | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | бекитилген жана метод бирикмелерде иш алып барганын талкуулашат. Мугалимдерди мативациалоо иши жолго салынган, эң мыкты иштеген мугалимдерди сыйлыктар менен жана профсоюз тарабынан эс алууга жиберишет. | | | |
| **Стандарттык баалоо** | | | | | |
| | **күчтүү жактары -** | Ар бир мугалим өзүнүн адистиги боюнча сабак берет. | | | |
| | **Алсыз жактары -** | Лицейдин спец.счетун көбөйтүп ,финансы жактан мугалимдерге стимул берүү жолдорун иштеп чыгуу. | | | |
| | **жакшыртуу боюнча сунуштар –** | Пед.коллективдин арасында компьютерде иштөө жакшы өздөштүрө албагандарды курстарга жиберүү. | | | |
| **Стандарт боюнча жыйынтыктоо** | | Аткарылган | | | |

**5. МАТЕРИАЛДЫК – ТЕХНИКАЛЫК БАЗА.**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына,анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтуу болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары,лабораториялар,компьютердик класстар,спорт зал) болушу. | Лицей 2 кабаттуу, 3 имараттан турат , жалпы аянты 1989,00 кв.м түзөт.Окуу жай мамлеккеттик стандартка ылайык ресурстар менен камсыздалган.Жалпы билим берүү программалары боюнча бардык класстар бар, материалдык ресурсттары менен камтылган, атайын предметтери боюнча лабораториялык канаалар жана компьютердик класс бар.Китепкана жатаканада жайгашкан, окуучуларга шарт түзүгөн. Жатакана эки кабат , 2017 жылы АБР проекти менен ремонт жасалып, жаңы эмеректер менен камсыз болгон. Спорт аянтчасы сыртта бар: воллейбол, футбол аянтчалары менен. Спорт зал жана актовый зал жок болгондуктан, Совет айыл өкмөтүнүн спорт залы менен маданият уйундо актовый залга келишим түзүшкөн. Окуу имараттары автономный жылытуучу система менен жылытылат. Ашкананын аянты 443 кв.м түзөт, тамактанууга түзүлгөн шарттар туура келет.130 орун бар , 3 маал тамактанышат, ошондой эле проект боюнча дистирленген суу системасы орнотулган. Окуу жайда медпункт бар, балдарды жыл сайын мед.кароодон өткөрүп турушат. | Аткарылган | | |
| 5.2 | Билим берүү чөйрөсүнун коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык,санитардык-эпидемиалогиялык жана гигиеналык | Окуу жайда өрт коопсуздугу жана санитардык-эпидемиалогиялык талаптар сакталган, 2021-2022 укуу жылына Актылар берилген. Өрт коопсуздугу | | Жарым-жартылай аткарылган. | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | эрежелер, ченемдер, өрткө каршы коопсуздук,эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери). | боюнча ар бир этажда жана лабораторияларда өрттөн сактоочу бурчтар уйуштурулган, гигиенелык талаптар сакталат. Бирок окуу кабинеттерде жарык берүүчу лампалар  талаптарга дал келбейт. | | | |
| 5.3 | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо ,талдоо жана пландоо механизиминин болушу. | Окуу жайда материалдык-техникалык базаны чындоо планы Страт.планга киргизилинген. Жыл аягында аткарылган жумуштар боюнча жыйын өткөрүлүп баа берилет. Кадамжай райондук өнүгүү фонду менен келишим түзүлүп ,долбоор жазылып жакшыртуу үчүн окуу жайдын пландалган иштери ишке ашуусу күтүлүүдө. | Аткарылган | | |
| **Стандарттык баалоо** | | | | | |
| | **күчтүү жактары -** | Жалпы билим берүү боюнча ар бир класс интерактив доскалар жана интернет ресурстар менен камтылган. | | | |
| | **Алсыз жактары -** | Окуу класстарда электр жарыктыктар канааттандырылык эмес. | | | |
| | **жакшыртуу боюнча сунуштар –** | Сан-пин нормаларына дал келүүчү жарыктык орнотуу. | | | |
| **Стандарт боюнча жыйынтыктоо** | | Аткарылган. | | | |
| **6. МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫ КООМЧУЛУККА ЖЕТКИРҮҮ.** | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6.1 | Калкты билим берүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар жөнүндө тиешелуу маалымат менен камсыз кылуу үчүн билим берүү уюмунун пөртфолиосу,эрежелердин жана жол-жоболордун,формалардын жана талаптардын болушу. | Билим берүү программасын ишке ашыруу боюнча, иш чаралар окуу жайдын сайтында, фейсбук жана инстаграмм баракчаларында жайгаштырылат. Маалымат жаныргаан сайын сайтка тиешелуу маалымат толукталып турат жана кызыктар тарапка өтө ынгайлуу. Мисалы,типтүү окуу пландар, коюлган максаттар, күтүлүүчү натыйжалар ж.б. Лицейдин портфолиосу бар бирок толуктоо керек. Профориентация план иштери: видеороликтер, онлайн ачык эшик лицей роликтери, буклеттер иштелип чыккан. | Аткарылган | | |
| 6.2 | Билим берүүну башкаруунун маалыматтык системасынын болушу(билим берүү уюму тарабынан анын билим уюму тарабынан анын билим берүү максатын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн төмөнкү маалыматтарды чогултуу,системалаштыруу.жалпылоо жана сактоо):<br>-сабакка катышуу жана окуудагы жетишкендиктер,окуучулардын жетишкендиктери жана окуудан чыгарылгандыгы жөнүндө маалымат;<br>-окуучулардын,алардын ата-энелеринин билим берүү программаларын ишке ашырууга жана натыйжаларына канааттануусу; | Окуу жайда окуучулардын саны, окууга кириши жана чыгышы ИСУ программасында корсөтүлөт, окуудагы жетишкендиктер гуугл облакого жүктөлгөн. Окуучулар менен ата-энелердин билим берүү программалары менен канааттануусу жалпы ата-энелердин чогулушунда (ооз эки), анкета аркылуу,окуучулардын Пед.чогулушуна катышкан учурларда жооп алып маниторинг жүргүзүлөт. Бирок азыркы учурга ылайык жаны программалар менен: (Kahoot, class room) ынгайлуу,онлайн фотматтыгы суроо жоопторго басым жасаса кызыктар тараптарга ынгайлуу болмок, келбей калган ата-энелерден жооп алалмак. Маалыматтык ресурстар иштейт инстаграмм жана фейсбук | | Жарым - жартылай аткарылган | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | -материалдык жана маалыматтык ресурстардын болушу;<br>-олимпиадаларга,долбоордук сыныктарга,спорттук мелдештерге катышуунун жыйынтыктары;<br>-билим берүү уйумунун ишинин негизги көрсөткүчтору. | баракчаларында. Окуу жайда ич ара спорттук мелдештер , олимпиадалар өткөрүлүп турат, бирок сырткы баалоодо жетишкендиктер жок. Жалпы бирим берүү методикалык кеңешмеде мугалимдер менен жобо иштелип чыгып , окуучулардын сырткы баалоого катышкандыгын кызыктар болуусу. | | | |
| 6.3 | Билим берүү уюму тарабынан өз ишмердуулугу жөнүндө калкты үзгүлтүксүз маалымат менен камсыз кылуу үчүн маалыматтык ресурстардын (веп-сайт,электрондук почта,телефондук жана факсимилдик байланыш,гезиттер) болушу,анын ичинде: миссия; билим берүү максаттары;окутуунун күтүлгөн натыйжалары;окутуунун жана окутуунун формалары жана каражаттары;баалоо процедуралары; окуучулардын окуу жетишкендиктери боюнча жалпы улуттук тестирлөөнүн жана изилдөөлөрдүн натыйжалары. | Окуу жайдын миссиясы бар ,ал ар бир окуу кабинетте илинип турат жана сайтта жайгашкан, кызыктар тараптар менен чогуу түзүлгөн. Максаттары так коюлган,азыркы коомдун талабына ыңгайланыштырып коюлган. Окутуунун кутулгон натыйжалары бар: окуучулар практикада алган билимдерин пайдалана алышат, мугалимдер жамааты сабак учурунда жаны технологияларды колдонуусу , кызыктар тараптар менен келишим турундо иштеп билуусу. Окуучуларды баалоодо атайын метод кенешме менен иштелип чыккан жобо менен баалап иш алып барышат жана окуучулардын жетишкендиктерин анализдеп маниторинг жыл сайын жасап турушат. Бүт окуу жайдагы маалымат жана жетишкендиктер сайтка жайгаштырылат. | Аткарылган | | |
| **Стандарттык баалоо** | | | | | |
| | **күчтүү жактары -** | Профориентация жумушу активдүү иштейт жана талаптарга жооп берет. | | | |

Күчтүү

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Алсыз жактары -** | Сурамжылоо жаңы ыкмалар менен жргүзүлбөйт. | | | |
| | **жакшыртуу боюнча сунуштар –** | 1. Сайт жана порфолио боюнча толуктоо киргизүү.<br>2. Сурамжылоо жаңы ыкмалар менен жргүзүлүүсү сунушталат. | | | |
| **Стандарт боюнча жыйынтыктоо** | | Аткарылган | | | |
| **ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫГЫ** | | 5 жылга аккредитациядан өткөрүүгө сунушталат. | | | |

жактары :

* Кызыктар тарап менен тыгыз иш жүргүзүлөт. Билим берүү сапатын көтөрүү үчүн бир нече жобо иштелип чыккан.
* Ар бир мугалим өзүнүн адистиги боюнча сабак берет жана күчтүү мугалимдер.
* Жалпы билим берүү боюнча ар бир класс интерактив доскалар жана интернет ресурстар менен камтылган.
* Профориентация жакшы жүрөт.
* Ички жана тышкы баалоо жакшы жүрөт.
* ЖРТ тапшырган окуучулар көп.
* Жыл сайын бүтүрүүчүлөрдүн 20% окуу жайга тапшырат.

Алсыз жактары:

* Мугалимдерди мотивациялоо үчүн стим фонд боюнча жобо иштелген эмес.
* Иш берүүчүлөрдүн жана ата- энелердин лицейдин жашоо кызыкчылыгында активдүү болушу жана көмөк көрсөтүүсү.
* Лицейдин сайты толукталууга муктаж.
* Тышкы баалоо ресурсттарын пайдаланбайт.

* Лицейдин спец.счету аз ,финансы жактан мугалимдерге стимул берүү жолдору каралган эмес.
* Окуу класстарда электр жарыктыктар канааттандырылык эмес.
* Сурамжылоонун жаңы ыкмалары иштелген эмес.

Өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту, берилген документтерди жана маалыматтарды талдоонун жана кесиптик коомчулуктун өкүлдөрү, студенттер, бүтүрүүчүлөр, кызматкерлер жана билим берүү уюмунун жетекчилиги менен маектешүүлөрдүн негизинде тышкы эксперттик комиссия жыйынтык чыгарды. № 72 кесиптик лицейинин билим берүү ишмердүүлүгү стандарттарга жана критерийлерге жооп берет.

Жакшыртуу боюнча сунуштар берилди.

**КОРУТУНДУ**

Жогоруда белгиленгендердин негизинде Эксперттик комиссия Баткен областындагы №72 кесиптик лицейдин Орто жалпы билим берүү программасын 5 жылдык мөөнөткө кийинки мониторинг жүргүзүү шарты менен аккредитациялоого сунуштайт.

**Комиссиянын төрайымы:**

Усупбаева Эрмекгуль Раимбековна ______________________________

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

1. Пусурманкул Айзат ______________________________.

2. Көккөзова Чынара Абызовна ______________________________

3. Шерматов Калыкберди Эгембердиевич ______________________________

4. Абубакир уулу Азизбек ______________________________

Референт

Абдикеримова Жибек Токтобаевна ______________________________